**БЕКИТЕМ**
**Кыргыз Республикасынын**
**Саламаттык сактоо министрлигинин**
**алдындагы Дары каражаттары жана**
**медициналык буюмдар**
**департаментинин директорунун**
**орун басары**
**Бекбоев К. Т. ______________**
**«_03_» __июнь__________ 2022-ж.**

# ДАРЫ КАРАЖАТЫН МЕДИЦИНАДА КОЛДОНУУ БОЮНЧА НУСКАМА

## ТОНЗИЛОТРЕН А
(TONSILOTREN® A)

**Соодадагы аталышы**
ТОНЗИЛОТРЕН А (TONSILOTREN® A)

**Дарынын түрү**
Таблеткалар

**Эл аралык патенттелбеген аталышы:** жок

**Курамы**
1 таблетканын (250 мг) курамында:
*таасир берүүчү заттар:* Atropinum sulfuricum trit. D5 12,5 мг, Hepar sulfuris trit. D3 10,0 мг, Kalium bichromicum trit. D4 50,0 мг, Silicea trit. D2 5,0 мг, Mercurius bijodatus trit. D8 25,0 мг;
*көмөкчү заттар:* лактоза моногидраты, сахароза, магний стеараты.

**Сүрөттөмөсү**
Жалпак цилиндр түзүлүшүндөгү жылмалоосу бар ак же дээрлик агыш түстөгү таблеткалар, чоң эмес бүдүрлөрү болушу мүкүн.

**Фармадарылык тобу**
Гомеопатиялык дары каражаты.

**Фармакологиялык касиеттери**
Гомеопатиялык дарылоо ооруну түшүнүү жана дарылык субстанцияларды колдонуу боюнча салттуу медицинадан анык айырмаланат. Гомеопатиялык каражаттар организмдин коргоочу күчтөрүн стимуляциялашат жана мындай жол менен анын өзүн-өзү дарылоо дарманын активдештиришет. Гомеопатиялык каражатка организмдин реакциясы өтө жеке түрдө болот. Бул

себептен дозага мүнөздүү фармакологиялык таасирлерди, фармакодинамикалык же фармакокинетикалык маалыматтарды аныктоого мүмкүн эмес.

**Колдонууга көрсөтмөлөр**

Курч тонзиллит, өнөкөт же кайталанган курч тонзиллит жана алкым бездеринин жогорулоосу. Алкым бездерин хирургиялык жол менен алып салуудан кийин айыгууну тездетүү үчүн колдонулат.

**Каршы көрсөтмөлөр**

Препаратты хромго, сымапка, башка активдүү же көмөкчү заттарынын бирине белгилүү болгон жогорку сезимталдуулукта колдонууга болбойт.
2 жашка чейинки балдарга каршы көрсөтүлгөн.

**Өзгөчө көрсөтмөлөр жана алдын алуу этияттык чаралары**

Эгер дарыгериңиз Сизде кандайдыр бир канттарга көтөрө албастыгыңыз бар деп айтса, Тонзилотрен А кабыл алууну баштаганга чейин аны менен кеңешиңиз.
Препаратта лактоза жана сахароза камтылат. Галактозаны көтөрө албастыктын сейрек тукум-куучулук көйгөйлөрү, Лаппа лактазасынын жетишсиздиги же глюкоза-галактоза мальабсорбциясы бар бейтаптарга бул дары каражатын колдонууга болбойт. Ошондой эле фруктозаны көтөрө албастыктын сейрек тукум-куучулук көйгөйлөрү же сахароза-изомальтаза жетишсиздиги бар бейтаптарга да препаратты колдонууга болбойт.

Төмөнкү учурларда дарыгериңиз менен кеңешиңиз:
- Эгер курч абалдын симптомдору айыкпай жатса, же 2 күн дарылануунун ичинде начарлап баратса;

- Эгер кошумча арызданыулар пайда болсо, мисалы, дененин табы 39 °С дан жогору.

Калкан безинин оорулары менен жапа тарткан бейтаптарга Тонзилотрен А дарысын кабыл алуудан мурда дарыгер менен кеңешүү сунушталат.

**Кош бойлуулукта жана бала эмизүү мезгилинде колдонуу**

Тонзилотрен А дарысын кош бойлуулукта же бала эмизүү мезгилинде дарыгер менен алдын ала кеңешүүдөн кийин гана колдонууга болот.
Бардык дары каражаттары сыяктуу эле, Тонзилотрен А дарысын кош бойлуулукта жана бала эмизүү мезгилинде пайда жана коркунуч ара катышын баамдоону эске алып кабыл алуу керек.

**Унаа каражаттарды же башка механизмдерди башкаруу жөндөмдүүлүгүнө таасир берүүсү.**

Таасир бербейт.

**Башка дары каражаттары менен өз ара таасири**

Башка дары каражаттары менен өз ара таасири белисиз.
Гомеопатиялык препараттар менен дарылоо башка дары каражаттарды колдонууну жокко чыгарбайт.
Эгер бейтаптар жакында эле башка дары каражаттарды кабыл алышса, учурда кабыл алып жатышса же кабыл алышы мүмкүн болсо, дарыгер менен кеңешүү сунушталат.

*Эскертүү*: гомеопатиялык дары каражаттардын таасирине тамеки чегүү жана алкоголду кабыл алуу сыяктуу жашоодо көнүп калган адаттардын негативдүү факторлору терс таасир бериши мүмкүн.

**Дозалоо тартиби жана колдонуу жолу**

Бул нускамадагы же дарыгериңиздин, фармацевттин көрсөтмөлөрүн дайыма так аткарыңыз. Эгер сиз дарыны туура колдонуу боюнча күмөн санап жатсаңыз, дарыгериңиз же фармацевт менен кеңешиңиз.

<u>Дозалоо тартиби</u>

<u>Чоңдор</u>: *курч абалдарда*, ар бир саатта 1 таблеткадан кабыл алынат, бирок күнүнө 12 таблеткадан ашык эмес, симптомдор жеңилдегенге чейин. *Андан кийинки дарылоого* же *өнөкөт абалдарда*, 1-2 таблеткадан күнүнө 3 жолу кабыл алынат.

*Педиатриялык тобу*

<u>2 ден 6 жашка чейинки балдар</u>: *курч абалдарда* жана *кийинки дарылоо үчүн* же *өнөкөт абалдарда*, 1 таблеткадан күнүнө 3 жолу кабыл алышат.

<u>6 дан 12 жашка чейинки балдар</u>: *курч абалдарда* 1 таблеткадан ар бир 2 саат сайын кабыл алышат, бирок күнүнө 6 таблеткадан ашырууга болбойт, симптомдор жеңилдегенге чейин. *Кийинки дарылоодо* же *өнөкөт абалдарда* 1 таблеткадан күнүнө 3 жолу кабыл алышат.

<u>12 жаштагы жана андан жогорку курактагы балдар</u>: *курч абалдарда* ар бир саат сайын 1 таблеткадан кабыл алышат, бирок күнүнө 12 таблеткадан ашырууга болбойт, симптомдор жеңилдегенге чейин. *Кийинки дарылоо үчүн* же *өнөкөт абалдарда* күнүнө 3 жолу 1-2 таблеткадан кабыл алышат.

*Алкым бездери чоңойгон учурда* чоңдор жана балдар күнүнө 3 жолу 1 таблеткадан кабыл алышат. Дарылоону 6-8 жума улантуу сунушталат.

Өнөкөт жана кайталанган курч абалдарда жылына ар бири 6-8 жумадан турган бир канча дарылоо циклдерин кабыл алуу сунушталат.

<u>Колдонуу жолу</u>

Таблеткалар ооздо жай эриши керек.

Кичинекей балдарга таблеткаларды майдаласа болот, андан кийин аз өлчөмдөгү сууга эритүү керек.

Тамактануудан кийин же ага чейин жарым сааттан кем эмес убакыт аралыгын сактоо керек.

**Кыйыр реакциялар**

Абдан сейрек (<1/10000) же белгисиз (бар болгон маалыматтардын негизинде жыштыгын баамдоо мүмкүн эмес): жогорку сезимталдуулук реакциялары, мисалы, теридеги бөртмө байкалышы мүмкүн. Мындай учурларда дарыны кабыл алууну токтотуу жана дарыгер менен кеңешүү керек.

Шилекей бөлүнүп чыккан шартта дозаны азайтуу же препаратты кабыл алууну токтотуу сунушталат.

*Эскертүү:* гомеопатиялык дары каражаттарды колдонууда мурда бар болгон арыздануулар убактылуу оордошушу мүмкүн (баштапкы гомеопатиялык курчуу). Мындай учурларда бейтаптарга препаратты колдонууну токтотуу жана дарыгер менен кеңешүү сунушталат.

**Ашыкча доза**
Ашыкча дозалануунун катталган учурлары жок.

**Таңгагы**
20 таблеткадан блистерде. 2 ден блистер медицинада колдонуу боюнча нускамасы менен кошо картон кутуда.

**Сактоо шарты**
25°Сдан жогору эмес аба табында, балдар жетпеген жерде сактоо керек.

**Жарактуулук мөөнөтү**
5 жыл.
Препаратты таңгакта көрсөтүлгөн жарактуулук мөөнөтү аяктагандан кийин колдонбоңуз.

**Берүү шарты**
Рецепти жок.

**Өндүрүүчү**
Др. Густав Кляйн ГмбХ & Ко. КГ.,
Штайненфельд 3, 77736 Целль ам Хармерсбах,
Германия

**КК ээси**
Альпен Фарма ГмбХ
Штайненфельд 3, 77736 Целль ам Хармерсбах,
Германия